**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.20.606 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

*Кол жазма укугунда*

УДК:33.338.4(575.2):67

**Райимбердиева Жаннат Курманбековна**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ РЫНОКТУК МЕХАНИЗМДЕРДИН ӨРКҮНДӨТҮЛҮШҮ (ТҮШТҮК АЙМАГЫНЫН МАТЕРИАЛЫНДА)

08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу (экономика, ишкананы, тармактарды, комплекстерди уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын **автореферати**

**Жалал-Абад – 2021**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Бизнес жана менеджмент факультетинин "Ишканалардын экономикасы жана бизнести башкаруу" кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Кулуева Чинара Раимкуловна,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор,<br>Ош мамлекеттик университетинин Бизнес жана менеджмент факультетинин "Каржы жана банк иши" кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер:** | **Райымбаев Чаткалбай Кенейбаевич,**<br>экономика илимдеринин доктору, доцент,<br>Б.Сыдыков атындагы Кыргыз - Өзбек Эл аралык университетинин ректору |
| | **Хамрабаев Абдурасул Абдусаттарович,**<br>экономика илимдеринин кандидаты, К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Үзгүлтүксүз ачык билим берүү Институтунун "Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит" кафедрасынын ага окутуучусу |
| **Жетектөөчү уюм:** | Баткен мамлекеттик университети, Экономика жана инженердик технологиялар факультетинин "Экономика" кафедрасы, дареги: 720100, Кыргыз Республикасы, Баткен ш., И. Жусупов көч., 21 |

Диссертация 2021-жылдын 23-ноябрында саат 15-00дө К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу экономика илимдеринин (доктору) кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.20.606 диссертациялык кеңешинин отурумунда корголот. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад ш., Жеңижок көч., 30.

Диссертация менен К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин (715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад ш., Жеңижок көч., 30), Ош мамлекеттик университетинин (723500, Ош ш., Ленин көч., 331) китепканаларынан жана диссертациялык кеңештин www.mnu.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын «20» октябрында таркатылды.

**Диссертациялык**
**кеңешинин окумуштуу катчысы,**
**э.и.к., доц.:** **Торогелдиева А.Б.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Жеңил өнөр жайы өлкөнүн экономикасында дайыма маанилүү экономикалык жана социалдык ролду ойноп келген. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасында жеңил өнөр жай тармактарын өнүктүрүү, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө экспортту көбөйтүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр бар. Анткен менен бүгүнкү күндө жеңил өнөр жайынын бардык эле ишканалары рынок шарттарына даяр эмес болуп, алар үчүн рыноктук шарттарда чарбалык ишмердүүлүктү өз алдынча жүргүзүүкөптөгөн кыйынчылыктарды жоюу менен коштолууда. Түзүлгөн кырдаалда өндүрүштү уюштуруунун жана башкаруунун натыйжалуу формаларын издөө зарылдыгы келип чыкты.

Интеграциялык процесстер экономикада өзгөчө мааниге ээ болууда. Жеңил өнөр жайында интеграцияланган түзүмдөрдү калыптандыруу, чарба жүргүзүүчү субъектилердин атаандаштык позицияларын күчөтүү жана ички жана эл аралык рыноктордо тышкы чөйрөнүн өзгөрүүлөрүн көзөмөлдөө экономиканы андан ары өнүктүрүүнүн шарттарынын бири болуп калууда.

Техникалык, технологиялык жаңычылдыктар менен ишканалардын ишкердик активдүүлүгүнүн өзгөрүүсүнүн ортосундагы туруктуу жана мыйзам ченемдүү байланыштарды аныктоо рыноктук механизмдердин жана мыйзамдардын циклдүүлүгүнүн терс кесепеттеринин таасирин жоюунун же азайтуунун натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгууга негиз түзөт.

Андыктан, инновациялык экономика шарттарында жеңил өнөр жайын өнүктүрүүгө теориялык-методологиялык көз караштарды изилдөө, жалпылоо, негиздөө жана тактоо актуалдуу болуп саналат жана социалдык-экономикалык изилдөөлөрдүн түзүмүндө маанилүү маселелердин катарына кирет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илим изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын текстиль жана тигүү өнөр жайын өнүктүрүү стратегиясын, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүгүү стратегиясы, Кыргызстанда сооданы алга жылдыруу долбоорун, Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу менен байланышкан. Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин өнүгүү стратегиясына жана "Бизнес жана менеджмент" факультетинин "Ишканалардын экономикасы жана бизнести башкаруу" кафедрасынын илимий иштеринин планына ылайык аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** болуп азыркы шарттарда жеңил өнөр жай тармактарында интеграцияланган түзүмдөрдү өнүктүрүү жана иштетүү, алардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу механизмдери боюнча теориялык, усулдук жана практикалык сунуштардын комплексин иштеп чыгуу саналат. Коюлган максатка ылайык төмөнкү **милдеттер** аныкталды:

- региондордо жеңил өнөр жайын өнүктүрүү көйгөйлөрүнүн маңызын жана мазмунун изилдөө;

- статистикалык маалыматтарды изилдөө жана автордук иликтөөлөрдү жүргүзүү жолу менен Кыргыз Республикасынын региондорунда жеңил өнөр жайын өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрүн аныктоо;

- КРнын жеңил өнөр жайынын калыптануу этаптарын, өзгөчөлүктөрүн жана өнүгүү тибин аныктоо;

- жеңил өнөр жайынын региондук өнүгүүсүнүн абалынын мониторингин (диагностикасын) жүргүзүү;

- өнөр жай ишканаларынын өнүгүүсүнүн уюштуруу-экономикалык механизмин ишке ашыруунун негизинде инновациялык-инвестициялык ишмердүүлүктү натыйжалуу башкаруу моделин изилдөө;

- натыйжалуу башкаруу шаймандары катары ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн чечүүчү факторлорун аныктоо;

- жеңил өнөр жайында региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аймактык өнөр жай инновациялык кластерлерди калыптандыруунун теориялык жоболорун иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Кыргыз Республикасынын түштүк региону боюнча жеңил өнөр жай тармагынын өнүгүүсүнө салым кошууда турат, тагыраак айтканда:

- региондордо жеңил өнөр жайын өнүктүрүү көйгөйлөрүнүн маңызынын жана мазмунунун теориялык-методологиялык аспектилери такталды;

- статистикалык маалыматтарды изилдөө жана жалпылоо, автордук иликтөөлөрдү жүргүзүү жолу менен республиканын региондорунда жеңил өнөр жайын өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрү аныкталды;

- КРнын ата мекендик жеңил өнөр жайынын калыптануу этаптары, өзгөчөлүктөрү жана өнүгүү тиби аныкталды;

- жеңил өнөр жайынын региондук өнүгүүсүнүн абалына баа берилди;

- уюштуруу-экономикалык механизмди ишке ашыруунун негизинде жеңил өнөр жай ишканаларынын инновациялык-инвестициялык ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруунун модели сунуш кылынды;

- натыйжалуу башкаруу шаймандары катары ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн чечүүчү факторлору аныкталды;

- жеңил өнөр жайында региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аймактык инновациялык өнөр жай кластерлерин калыптандыруунун теориялык жоболору иштелип чыкты.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү** изилдөөнүн жыйынтыктары конкреттүү сунуштарга жеткирилип, алардын айрымдары Кыргыз Республикасынын жеңил өнөр жай тармагында ишке ашырылгандыгында турат. Иште жасалган тыянактар менен сунуштар илимий ишмердүүлүктө практикалык мааниге ээ болгон оригиналдуу автордук жыйынтыктар менен жоболордун жыйындысын камтыйт, алар мамлекеттин өнөр жай саясатын ишке ашырууда, алсак, анын Кыргызстандын

региондорунда жеңил өнөр жайын өнүктүрүү жана өркүндөтүү менен байланышкан багыттарын ишке ашырууда колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн жыйынтыктары ЖОЖдордо «Инновациялык менеджмент», «Ишканалардын экономикасы», "Ишканалардын каржысы" дисциплиналарын окутууда окуу-усулдук материал катары колдонулууда. Иштин практикалык баалуулугу, мамлекеттик деңгээлде жеңил өнөр жай саясатын иштеп чыгууда, инвестициялык натыйжалуулукту баалоодо, узак мөөнөттүү долбоорлорду ишке ашырууда жана Кыргызстандын эл аралык соода рыногунда, ЕАЭБдин курамындагы жана башка чет өлкөлөр менен алакасын кеңейтүүгө илимий негизде кеңири колдонулгандыгында деп эсептейбиз.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгүн** Ош облусунун, Ош шаарынын, жалпы эле КРнын жеңил өнөр жай ишканаларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында алардын ишмердүүлүгүнүн системалык анализин жүргүзүү алгоритмин иштеп чыгуу түздү. Тармактын көрсөткүчтөрүнүн статистикалык жана көп фактордук анализинин негизинде жасалган тыянактар жана практикалык сунуштар министрликтер жана ведомстволор тарабынан жеңил өнөр жайын өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгууда, тиешелүү улуттук жана региондук программаларды иштеп чыгууда, КР Өкмөтү жана ЕАЭБ өлкөлөрү тарабынан ааламдашуу жана интеграция шарттарында жеңил өнөр жайын инновациялык өнүктүрүүгө жана санариптештирүүгө өтүү максатында рынокту модернизациялоого багытталган стратегияларды түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1) региондордо жеңил өнөр жайын өнүктүрүү көйгөйлөрүнүн маңызы менен мазмунунун такталган теориялык-методологиялык аспектилери;

2) Кыргыз Республикасынын региондорунда жеңил өнөр жайынын өнүгүүсүнө таасирин тийгизген негизги факторлор;

3) ата мекендик жеңил өнөр жайынын калыптануу этаптары, өзгөчөлүктөрү жана өнүгүү тиби;

4) ишканалардын инновациялык-инвестициялык ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн шаймандары;

5) региондо жеңил өнөр жай ишканаларын өнүктүрүүнүн Кыргызстанды райондоштурууга негизделген уюштуруу-экономикалык механизми;

6) ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн чечүүчү факторлору;

7) жеңил өнөр жайында региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иштелип чыккан аймактык инновациялык өнөр жай кластерлерин калыптандыруунун модели.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Автор тарабынан тармакты өнүктүрүүнүн илимий-теориялык, методологиялык жана практикалык аспектилери тереңдетилип изилденди. Кыргызстанда жеңил өнөр жай тармагынын калыптануу этаптары аныкталып, башкаруунун оптималдуу усулдарына басым жасоо менен түштүк аймагынын жеңил өнөр жайынын өнүгүү багыттарын аныктоонун атайын моделдери иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Жеңил өнөр жай тармагын өнүктүрүүгө багытталган автордук тыянактарды жана сунуштарды КРнын Экономика министрлигинин Түштүк аймактар аралык башкармалыгы, Жалал-Абад шаарындагы “Мата” ачык акционердик коому, Ош шаарындагы бир катар ишканалар тарабынан практикалык колдонууга кабыл алынды. Ошондой эле изилдөөнүн натыйжалары боюнча илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда баяндамалар жасалып, талкууланган жана илимий журналдарда жарык көргөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын мазмуну, теориялык тыянактары жана илимий-практикалык сунуштары диссертанттын жалпы көлөмү 5,4 б.т. түзгөн 14 макала жарык көргөн, анын ичинен 9 - КР УАК тарабынан сунушталган басылмаларда, 4 – РФнын РИНЦ басылмаларында, 1 – SCOPUS тутумуна кирген басылмада жарыкка чыккан.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган булактардын библиографиялык тизмесинен турат. Иш 186 бетте чагылдырылган, сандык жана графиктик маалыматтар 20 таблица, 23 сүрөттүн жардамында берилди.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери негизделген, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы аныкталган, практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү негизделип, изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери, коргоого сунушталган жоболор ачып көрсөтүлгөн.

**“Аймактардын өнөр жай саясатын калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн теориялык негиздери**” **деп аталган биринчи бапта** аймактык өнөр жай саясатын түзүүнүн теориялык аспектилери жана уюштуруу-экономикалык механизмдери иликтенди, Кыргызстандын улуттук экономикасында жеңил өнөр жайынын орду жана ролу аныкталды, рынок мамилелеринин шарттарында жеңил өнөр жайын (мындан ары – ЖӨЖ) өнүктүрүүнүн чет элдик тажрыйбасы изилденди.

Өнөр жайынын аймактык өнүгүүсүн изилдөөгө жана негиздөөгө Ж.Будвиль, А. Вебер, Д. Гамильтон, Д. Дарвент, В. Кристаллер, В. Лаундхардт, А.Лёш, Х.Р. Лаусэн, А.Маршалл, Г. Мюрдаль, Ф. Перру, П. Потье, Т.Хегерстранд, А. Хиршман, Д. Смит, П.М. Алампиев, Н.Н. Баранский, В.И.Вернадский, А.Г. Гранберг, Н.Н. Колосовский, А.Е. Пробсат, Ю.Г.Саушкин, Я.Г. Фейгин, Г.А. Фельдман сыяктуу чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектери арналган.

Өнөр жай саясатын жана инновациялык экономиканы өнүктүрүүнүн айрым аспектилери ата мекендик окумуштуулар Т.К. Койчуевдун, Е.П.Чернованын, Ш. Мусакожоевдун, К.А. Абдымаликовдун, А.А.Саякбаеванын, М.И. Исраиловдун, М.Б. Балбаковдун, П.К. Купуевдин, Т.А. Абдыровдун эмгектеринде каралган.

Анткен менен аймактык өнөр жайды, тактап айтканда жеңил өнөр жайын өнүктүрүү көйгөйүнүн көп кырдуулугу жана татаалдыгы андан аркы изилдөөлөрдү талап кылат. КРынын улуттук экономикасынын өнүгүшү 90-жылдардын башынан бери, тактап айтканда, көзкарандысыздык жарыяланган күндөн тартып, татаал жана түшүнүксүз болуп келген. Экономикалык системанын жаңы экономикалык шарттарга - рынок мамилелерине өтүү мезгили, 1998, 2008, 2018-жылдардагы кризистер, тышкы саясий кырдаалдын начарлашы улуттук экономиканын тармактары үчүн дагы, илимий чөйрө үчүн дагы олуттуу сыноолорду жаратты.

Өнөр жай саясатын өткөөл мезгилдерде калыптандыруу өткөн тарыхый мезгилде топтолгон тажрыйбаны, сын-пикирлерди аңдап түшүнүүнү талап кылат, ошондуктан биз ар кандай экономикалык мектептердин экономиканы, өнөр жай өндүрүшүн, анын ичинен жеңил өнөр жайын мамлекеттик жөнгө салууга болгон мамилесин карап чыгуу зарыл деп эсептейбиз. Бүгүнкү күндө өлкөнүн ЖӨЖ тармагы салыштырмалуу жакшы өнүгүп жатканына карабастан, рыноктук механизмдер толук калыптана элек, анткени материалдык-техникалык, технологиялык, уюштуруучулук жана экономикалык көйгөйлөр бар. Республикада бизнести өнүктүрүү көйгөйлөрү да терең изилдөөнү талап кылат жана аларды узак мөөнөттүү чечүүгө болот. Ошондуктан, ишкердикти колдоонун мамлекеттик стратегияларын кайра карап чыгуу, ошол эле учурда ишкердиктин аймактык жана тармактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл.

Рыноктук механизм түп-тамырынан бери туруксуз, жана толук жумуш менен камсыз кылууну, өндүрүш менен керектөөнүн тең салмактуулугун камсыз кылган автоматтык тең салмактуулук жок деп эсептеген экономисттердин пикирине макул болбой коюу мүмкүн эмес. Мамлекеттин экономикадагы түзөтүүчү жана багыттоочу иш-аракеттеринин аркасында гана толук кандуу жумуш менен камсыздоо, бааларды турукташтыруу, төлөм теңдеминин тең салмактуулугу сыяктуу социалдык бакубаттуулукка жетишүүгө болот *[Enright, M.J. Why Clustersarethe Way to Win the Game? // Word Link, No: 5, July/August, 1992. – P. 24-25]*.

Региондун жеңил өнөр жай тармагында атаандаштыкка жөндөмдүү жеке менчик ишканаларды уюштуруу формаларын өркүндөтүүнүн жана башкаруунун рыноктук механизмдерин киийрүү, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин жайылтуу зарыл деп эсептейбиз. Биздин оюбузча, Кыргызстандын региондорунун өнүгүшү бизнес структуралардын, региондордун калкынын, мамлекеттик жана аймактык башкаруу органдарынын макулдашылган аракеттеринен көз каранды. Өлкөбүз бүгүнэкономиканын бардык тармактарын, анын ичинен ЖӨЖ тармагын камтыган тең салмактуу өнүгүүгө умтулушу керек.

Рынок шарттарында ЖӨЖ ишканаларын башкаруунун аймактык уюштуруу-экономикалык механизмдерин өркүндөтүү, ишканалардын инновациялык жана инвестициялык иш-аракеттерин активдештирүү тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга шарт түзөт (1.1-сүрөт). Жеңил өнөр жай ишканаларын башкаруунун регионалдык уюштуруу-экономикалык механизмдерин (1.1-сүрөт) өркүндөтпөстөн жана ыңгайлаштырбастан туруп,

бир мезгилде "жасалма жол менен тоңдурулган" (90-жж.) өнөр жай объектилерин жандандыруу жана көп жылдар бою жоготкон өнөр жай флагманынын мурунку даңкын кайтаруу мүмкүн эмес деп эсептейбиз.




1.1-сүрөт. Жеңил өнөр жай ишканаларын башкаруу системасынын уюштуруу-экономикалык механизми

*Булагы: автор тарабынан түзүлдү*

Рынок шарттарында мындай механизмдер жеңил өнөр жай ишканаларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Өнөр жай тармагын өнүктүрүүнүн жана өнөр жай тармагы боюнча өндүрүү темптерин атасак, (1940-жылы 100%): жалпы өнөр жай - 21,2%; электр энергетикасы - 143,6%; мунай өндүрүү - 9,3%; көмүр - 2,4%; машина куруу жана металл иштетүү - 183,3%; токой, жыгач иштетүү жана целлюлоза-кагаз - 9,6%; курулуш материалдары - 59,0%; жеңил өнөр жайы- 18,4%; азык-түлүк - республиканын 6,6% борборлоштурулган капиталдык салымдардын эсебинен каралган *[http://www.welcome.kg/ru/economics/industry/mnfgh/]*.

Бүгүнкү күндө кыргыз тигүү тармагы негизинен экспортко багытталган. Тигүү ишканаларынын продукцияларын сатуунун негизги бөлүгү КМШ өлкөлөрүнө, тактап айтканда Россия (болжол менен 80%)жана Казакстанга туура келет. Расмий статистикага ылайык, 2016-жылы тигилген кийимдердин экспорту 97,2 млн АКШ долларын түзгөн. 2020-жылга карата бул көрсөткүч акыркы төрт жылда бир нече эсе өскөн. Бүгүнкү күндө Кыргызстан Россиянын даяр кийимдер рыногунун 6% жакынын ээлейт. Соода бүтүмдөрүнүн 40% Бишкектеги Дордой базары аркылуу жүргүзүлөт, бул Борбор Азиядагынакталай түрдөгү эң ири операцияларды жүзөгө ашыруучу базар болуп саналат. Сатуунун негизги бөлүгү Россиянын ар кайсы аймактарынын кийим

базарларында (“Легпром” ассоциациясынын соода өкүлдөрү бар шаарларда) өтөт.

Жеңил өнөр жай тармагын андан ары өнүктүрүү үчүн Өкмөт тарабынан төмөндөгү иш-чаралар аткарылышы зарыл деп эсептейбиз:

❖ республиканын аймактарында технополистердин автономдуу өндүрүштүк базаларын түзүү;

❖ пахта өсүмдүктөрү жана жибек өндүрүшүн калыбына келтирүү;

❖ Ош шаарында жана Ош облусунда тартылган инвестициялардын жардамы менен өнөр жай парктарын түзүү;

❖ жүн жана тери үчүн ата мекендик чийки зат базасын түзүү максатында мал чарбасын өнүктүрүүнүн адистештирилген программасын кабыл алуу;

❖ текстиль өнөр жайын жана лабораториялык экспертизанын республикалык базасын модернизациялоо жана өнүктүрүү.

Дүйнөлүк ЖӨЖ дүйнө калкынын көбөйүшү, анын жыргалчылыгынын жана сатып алуу жөндөмүнүн жогорулашы менен байланышкан туруктуу экономикалык өсүш менен мүнөздөлөт. Буга ылайык, ЖӨЖ продукцияларынын дүйнөлүк рыногу динамикалуу өнүгүүдө. Акыркы он беш жылдын ичинде товар айлануу эки эседен ашык жогорулады. ЕБ өлкөлөрүндө кездемелерди, кийимдерди жана бут кийимдерди керектөө 90,5%га, АКШда - 99,3%га, Японияда - 2 эседен ашык өстү.

Дүйнөлүк текстиль рыногунда жеңил өнөр жай ишканаларынын жигердүү инновациялык жана инвестициялык иш-аракеттери маанилүү ролду ойнойт жана аларга олуттуу атаандаштык артыкчылыктарын берет. Дүйнөлүк текстиль рыногунда алдыңкы орундарды ээлөө үчүн, Кыргызстандын жеңил өнөр жай ишканалары чет өлкөлүк тажрыйбаны өздөштүрүүсү жана башка өлкөлөрдө өзүн актаган инновациялык технологияларды жигердүү киргизүүсү зарыл. Белгилей кетсек, коңшу Тажикстандын айрым текстиль ишканалары өз продукциялары менен дүйнөлүк рынокко чыгууга мүмкүнчүлүк алышты.

Дүйнөлүк текстиль рыногунда экспортунун мүнөзүнө карап өлкөлөрдү үч түргө бөлүүгө болот:

1) Кытай, Индия, Бангладеш жана Вьетнам сыяктуу брендсиз, төмөнкү сапаттагы, массалык көлөмдөгү кийимдерди өндүрүүчүлөр;

2) жогорку сапаттагы негизги бренддерди чыгарган өлкөлөр, аларга Германия, Франция, Италия жана АКШ кирет;


3) тигүү өндүрүмү чоң эмес, өндүрүш көлөмү же кошумча наркы аз өлкөлөр, аларга Гонконг, Бельгия жана Нидерланды кирет.

2016-жылдан 2020-жылга чейин тигилүү кийимдер жалпы экспортунун жылдык өсүш темпи 6,7% ды түзгөн, мында дүйнөдөгү эң ири жеткирүүчү болуп Кытай саналат.

Анын үлүшүнө тигилүү кийимдердин экспортунун 30,3кө туура келет (1.2-сүрөт).

Жогорудагылардан улам төмөндөгүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

1. Бул изилдөөдө Кыргызстандын аймактык өнүгүүсү, ЖӨЖ ишканаларын өнүктүрүүгө жана мамлекеттик жөнгө салуу боюнча талдоолор жана аракеттер жүргүзүлүшү талап кылынат.




1.2-сүрөт. Дүйнөлүк рынокто кийим-кече экспорттоочу өлкөлөрдүн үлүшү (%)
*Булагы: автор тарабынан түзүлдү*

2. Биздин оюбузча, Кыргызстан иш жүзүндө бардык тармактарды, анын ичинен ЖӨЖ камтыган экономиканын тең салмактуу өнүгүүсүнө умтулуусу керек. Бул белгилүү бир максаттарды көздөгөн өнөр жай саясатын колдонууну талап кылат

3. Кыргызстандын аймактарын туруктуу өнүктүрүүнүн ийгилиги көбүнчө бизнес түзүмдөрүнүн, аймактардын жергиликтүү калкынын, мамлекеттик жана аймактык башкаруу органдарынын макулдашылган аракеттеринен көз каранды

4. КРынын ЖӨЖ ишканалары дүйнөлүк текстиль рыногунда алдыңкы орундарга жетиши үчүн чет өлкөлүк тажрыйбаны өздөштүрүү жана башка өлкөлөрдө өзүн актаган жигердүү инновациялык технологияларды кийирүү зарыл.

5. Дүйнөлүк рынокто алдыңкы орундарды ээлөө үчүн товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн (сапаты, дизайны ж.б.) жогорулатуу керек.

Диссертациялык иштин **экинчи бабы “Кыргыз Республикасынын түштүк регионунун жеңил өнөр жайынын абалынын жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн диагностикасы”** деп аталып, региондордогу ЖӨЖ өнүгүүсү жана анын инновациялык экономиканы калыптандыруудагы мааниси, Кыргызстандын аймагында ЖӨЖ ишканаларынын өнүгүүсүнө шарт түзгөн рыноктук механизмдер каралды.

**Изилдөөнүн предмети** болуп КРнын түштүк аймагынын ЖӨЖ ишканаларынын өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бүгүнкү күндөгү абалы, Кыргызстандын аймагында ЖӨЖ ишканаларынын инновациялык өнүгүүсүнө шарт түзгөн рыноктук механизмдер эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** катары ЖӨЖ ишканалары, алардын калыптанышы, инвестициялык салымдарды натыйжалуу пайдалануу, ЖӨЖ инновациялык өнүктүрүүнүн рыноктук механизмдери жана приоритетүү багыттары, өнүгүү перспективалары каралды.

1990-жылдары сабатсыз жүргүзүлгөн реформалардын, мамлекеттик жөнгө салуудан баш тартуунун натыйжасында ЖӨЖ буюмдарын өндүрүү бир топ төмөндөгөн. Өлкөнүн рыногунун ачылышы арзан импорттук товарлардын (сапаты анча жогору эмес) массалык агымына алып келди. ЖӨЖ продукциясы чет элдик, айрыкча Кытай, Түркия, Корея өндүрүүчүлөрүнө салыштырмалуу атаандаштыкка жөндөмсүз болуп калды.

СССРдин кулашы мурунку союздук республикалардан, айрыкча пахта өнөр жайы үчүн чийки затты ташып келүүнү татаалдатты, анткени пахта негизинен республиканын Ош жана Жалал-Абад облустарынын айрым аймактарында гана өстүрүлөт, ал эми түштүк регионунун калган райондорунда катаал табигый-климаттык шарттардан улам өстүрүлбөйт, бул улуттук дүң продукциясында ЖӨЖ үлүшүнүн азайышына алып келген.

2011-2020-ж.ж. мезгилинде тармак өйдө-ылдый мезгилдерди баштан кечирди, ага негизинен бир тектүүлүк жана туруксуз өнүгүү мүнөздүү болуп, 2020-жылы гана өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 2011-жылдагы деңгээлине жетип, өсүү темпи 100,5% түзгөн, муну менен жалпы өнөр жайдын түзүмүндө жеңил өнөр жай тармагынын үлүшү 2,4% ды түзгөн, бул каралып жаткан мезгилдеги эң төмөнкү натыйжа болуп саналат (2.1-таблица).

Кыргыз Республикасынын өнөр жай өндүрүшүндө 2020-жылы өндүрүштүн жалпы көлөмү 319,4 миллиард сомду түзгөн, мында көлөмү боюнча салттуу түрдө баалуу металлдарды өндүрүү басымдуулук кылат. Эгерде жалпы өнөр жай өндүрүшүнөн "Негизги металлдарды өндүрүү" компонентин алып салсак (2020-жылы жалпы өнөр жай өндүрүшүнүн 50%), анда жеңил өнөр жайдын үлүшү өнөр жай өндүрүшүнүн 7% түзмөк.

Каралып жаткан мезгил ичинде жеңил өнөр жай тармактарында продукция өндүрүүнүн үлүшү жылдан-жылга төмөндөп отурган (2.1-сүрөт).




2.1-сүрөт. 2011-2020-жж. Кыргыз Республикасынын өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмүндө жеңил өнөр жай продукциясынын үлүшү, % менен

Булагы: автор тарабынан түзүлдү

Бул биринчиден, региондук жана ата мекендик рыноктордо импорттук товарлардын басымдуулук кылышы, экинчиден, ички тармактык саясаттын импорттун ордун алмаштырууга жана экспортко багытталышынын начардыгы, үчүнчүдөн, пандемиянын кесепеттеринин Кыргыз Республикасынын бүткүл эл чарбасына, анын ичинде өнөр жайына, айрыкча жеңил өнөр жай ишканаларына орду толгус зыян келтириши менен түшүндүрүлөт, алар өндүрүштү COVID-19


**2.1-таблица - 2011-2020-жж. Кыргыз Республикаснда өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн жана жеңил өнөр жай тармактарынын көлөмү, млн. сом, % менен**

| № | Көрсөткүчтөр | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү, млн. сом | 164361,1 | 137229,2 | 171108,9 | 181026,7 | 209812,0 | 209812,0 | 237225,3 | 257348,5 | 283971,7 | 319380,2 |
| 2. | Өсүү/төмөндөө темпи, % менен | 100,0 | 83,5 | 123,8 | 100,8 | 105,8 | 115,9 | 113,1 | 108,4 | 110,3 | 112,5 |
| 3. | Жеңил өнөр жай продукциясын: текстиль өндүрүрүшү, кийим, бут кийим, булгаары жана булгаарыдан буюмдарды өндүрүүнүн көлөмү | 7780,1 | 9252,9 | 8545,9 | 6144,7 | 5405,2 | 6608,7 | 6758,8 | 9404,4 | 9883,1 | 7820,6 |
| 4. | Өсүү/төмөндөө темпи, % менен | 100,0 | 119,0 | 92,4 | 71,9 | 88,0 | 122,3 | 102,3 | 139,1 | 105,1 | 79,1 |
| 5. | Өндүрүштүн жалпы көлөмүндө жеңил өнөр жай продукциясынын үлүшү,% | 4,7 | 6,7 | 5,0 | 3,6 | 3,0 | 3,1 | 2,8 | 3,7 | 3,5 | 2,4 |
| 6. | Өсүү/төмөндөө темпи, % менен | | 142,5 | 74,6 | 72,0 | 83,3 | 103,3 | 90,3 | 132,1 | 94,6 | 68,6 |

*Булагы: автор тарабынан түзүлдү*

көйгөйлөрүнүн алдын алуу менен байланышкан санитардык-гигиеналык багыттагы продукцияларды өндүрүүгө тез арада өзгөртүүгө аргасыз болушту. Тармак өнөр жай өндүрүшүнүн токтоп калышынан, буйрутмалардын азайышынан, колдонулганматериалдарды жеткирүү жана даяр продукцияны жөнөтүү көйгөйлөрүнөн улам жабыр тартты.

Кыргызстандагы ЖӨЖ ишканаларынын региондук аспектиде жайгашуусун жана алардын өнүгүүнүн азыркы этабында региондун өнөр жай өндүрүшүнө кошкон салымын карап көрөлү. 2.2-сүрөттө 2004-2020-жж.түштүк регионунун облустарында жана жалпы эле республика боюнча ата мекендик текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн, ошондой эле булгаары, булгаарыдан буюмдарды жана бут кийимдерди өндүрүүнүн абалы берилди.




2.2 - сүрөт. 2004-2020-жж. КР жана түштүк регионунун облустары боюнча экономикалык иштин түрлөрү боюнча жеңил өнөр жай ишканаларынын (өндүрүштөрүнүн) саны, бирдик

*Булагы: автор тарабынан түзүлдү*

2.2-сүрөттөн көрүнүп тургандай, рыноктук өзгөртүп түзүүлөр башталгандан бери жалпы эле Кыргызстанда жана анын региондорунда жеңил өнөр жай ишканаларынын санынын кыскаруу тенденциясы байкалат. Ата мекендик текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн ишканалары жалпы КР боюнча 2020-жылы 2004-жылга салыштырмалуу 51,8%га, Түштүк регионунун облустарында 18,2%га кыскарган. Бут кийим, булгаарыдан буюмдарды өндүрүү сектору өнөр жайында аз гана орунду ээлейт.

Аймактар боюнча алып карасак, ЖӨЖ өндүрүшүнүн негизги үлүшү Бишкек шаарында - 57,7%, Чүй облусунда - 29,7% жана Жалал-Абад облусунда - 4,9% туура келет, башка региондордо өнөр жайдын үлүшү 0,01% чейин, Талас облусунда 4,3%  Ош облусунда 5,4%ды түзөт. 2020-жылдын башына чейин КРынын ЖӨЖ өндүрүш көлөмүнүн өсүшүнүн бардык белгилери болгон, алар төмөнкү көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн: акыркы 3 жылдагы тигүү буюмдарынын физикалык көлөмүнүн индекси жылына 124% дан кем эмес оң динамиканы көрсөткөн; тигүүчүлүк продукциясын экспорттоодо 2017-жылдан 2018-жылга чейинки мезгилде тиешелүү түрдө 119,8 млн. АКШ доллары жана 151,7 млн. АКШ долларын түзгөн оң динамика байкалган.

Текстиль өндүрүшү тигүү тармагынан кийинки экинчи орунду ээлейт. Расмий статистикалык маалыматтарга таянсак, текстиль өндүрүшүнүн эң чоң

үлүшү Бишкек шаарына - 29,0%, андан кийин Жалал-Абад облусуна - 28,5%, Чүй облусуна - 23,0%,Ош облусуна - 16,5% туура келет. Текстиль өндүрүшүнүн өнүкпөгөндүгү так ушул аймактарда текстиль өнөр жайын өндүрүү үчүн жетиштүү деңгээлде жогорку ресурстук потенциалы бар Ысык-Көл облусунда (1,3%), Ош шаарында (0,8%), Баткен облусунда (0,2%), Нарын облусунда (0,5%) жана Талас облусунда (0,1%) абдан төмөн.

Кыргызстандын аймактарында жеңил өнөр жайынын тарыхый өнүгүшүн изилдөөнүн натыйжасында шарттуу түрдө төмөнкү этаптар аныкталды:

***Биринчи этап (1917-1960-жж. чейин)*** - пахта жана жибек кездемелерин, кол өнөрчүлүк ыкмаларын колдонуу менен булгаары буюмдарын өндүрүү басымдуулук кылган, байыркы Жибек жолу тарыхый негиз салган ЖӨЖ тармагынын белгилери пайда болуп, жумушчулардынжашоо деңгээли өтө төмөн болгон. Октябрь революциясына чейин Кыргызстандын аймагында айыл чарба чийки затын алгачкы иштетүү үчүн бир нече гана жеке кол өнөрчүлүк ишканалары - жүндү жуучу, пахта тазалоочу пункттар болгон.

***Экинчи этап (1960-1991-жж. чейин)*** - ЖӨЖ өнүктүрүүдө пландаштырууну колдонуу менен мүнөздөлөт, бул төмөнкү натыйжаларга алып келген: чийки заттарды (пахта, жүн, булгаары чийки заттары, химиялык булалар) өндүрүү көлөмү өскөн; Ош шаарында жаңы ишканаларды(Ош кийим тигүү фабрикасы) ачуунун эсебинен ЖӨЖ ишканаларын бүткүл өлкө боюнча бирдей бөлүштүрүү каралган: Кызыл-Кыя шаарындагы «Алай» балдар бут кийимдерин чыгаруучу бут кийим фабрикасы, кездеме фабрикасы (1963) ж.б. Ошондой эле булгаары заводдору жана трикотаж фабрикалары реконструкцияланып, кеңейтилген. Алардын артынан, 1970-жылдары Октябрдын 50 жылдыгы атындагы Оштогу пахта өндүрүүчү бирикмесинин биринчи этабы, Токмоктогу жүндү алгачкы иштетүү фабрикасы, "Чолпон" бут кийим фирмасы, Кызыл-Кыя балдар бут кийимдерин чыгарган "Алай" бут кийим фабрикасы, Васильевская трикотаж фабрикасы ж.б. ишке кирген.

***Үчүнчү этап (1991-2000-жж.)*** - стихиялуу өнүгүү, инфляциянын жогорку деңгээли жана экономиканын тең салмаксыздыгы менен мүнөздөлөт. Ушул этапта Кыргызстан СССРден бөлүнүп чыккан башка союздук республикалар сыяктуу эле, көз карандысыз мамлекет деп жарыяланган. Республиканын эл чарбасында рыноктук механизмдерди жана мамилелерди калыптандыруу жана адаптациялоо процесси башталган.Туура эмес жүргүзүлгөн реформалардын, мамлекеттик жөнгө салуудан баш тартуунун натыйжасында, жеңил өнөр жайында өндүрүштүн көлөмү олуттуу төмөндөгөн.


***Төртүнчү этап (2001-2010-жж.)***- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан өлкөнүн ЖӨЖ калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлгөн. Кыргызстанда ЖӨЖ өнүктүрүүгө багытталган программалар жана мыйзам актылары иштелип чыккан.

***Бешинчи этап (2011-ж. бүгүнкү күнгө чейин)*** - бул этапта узак убакыттан бери экономикалык ишмердүүлүгүн "көмүскөдө" жүргүзүп келишкен ЖӨЖ ишканаларын легалдаштыруу боюнча негизги иштер жүрүп жатат жана улантылууда.

Бизнес стратегиясын иштеп чыгууда жана уюмдун менеджментинин башкаруу чечимдерин кабыл алуу этабында биз баштапкы стратегиялык ыкма катары пайдаланылган SWOT-талдоонун универсалдуу аналитикалык куралын колдондук.

Кыргызстандын азыркы шарттарында, чындыгында ата мекендик ЖӨЖ кластерлерин түзүүнүн экономикалык механизмдерин аныктоо бир топ тоскоолдуктарды жаратууда. Адабий булактарды изилдөөнүн жана талдоонун негизинде потенциалдуу кластердик түзүмдөрдүн өнүгүшүнө таасирин тийгизген негизги көйгөйлөр аныкталды жана классификацияланды.

Аныкталган көйгөйлөр кластердик формацияны инновациялык чөйрөнү түзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, ансыз алар иштей албай тургандыктан, ушул көйгөйлөрдү чечүүгө шарт түзгөн иш-чаралар комплекси аныкталды (2.3-сүрөт).




2.3-сүрөт. Кыргыз Республикасынын аймактарында жеңил өнөр жай тармагын өнүктүрүүдөгү көйгөйлөрдүн классификациясы

*Булагы: автор тарабынан түзүлдү*

Иштин жүрүшүндө изилденген жеңил өнөр жайындагы көйгөйлөр тармакты өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоого, ички жана тышкы рыноктордо туруктуу позицияларга ээ болуу үчүн ага колдоо көрсөтүү механизмин иштеп чыгууга мүмкүндүк берет *[Литвинова, А.Г. Россия жеңил өнөр жайындагы абалды талдоо. // РУДН жарчысы: Экономика сериясы. – 2014. - №2. – С.25].* Изилдөөнүн жүрүшүндө, матрицаны модификациялоо жолу менен Кыргыз Республикасынын ЖӨЖ кластерлерин өнүктүрүү потенциалы бар аймактары аныкталды (2.2-таблица).


2.2-таблицадан көрүнүп тургандай, статистикалык коэффициенттерди колдонуп, текстиль жана тигүү өндүрүшүндө потенциалдуу мүмкүнчүлүгү бар 18 район жана булгаары, булгаарыдан буюмдарды жасоо жана бут кийим өндүрүү боюнча 11 район аныкталды. Текстиль өндүрүшүнүн тармактарынын арасынан өзгөчө орунду токулбаган кездемелер өндүрүшү ээлейт, бул өндүрүш Жалал-Абад шаарындагы "МАТА" ААКсынын мисалында токулбаган текстиль материалдарын өндүрүүгө байланыштуу каралды жана иликтенди. Ишкана ишке кирген күндөн, 1996-ж. тартып ААКда 350гө чейин жумушчу иштеген,

2.2-таблица - Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагынын жеңил өнөр жайын өнүктүрүү үчүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү бар территориялары

| | **Текстиль жана тигүү өндүрүшү** | | **Тери иштетүү, булгаары буюмдарын жана бут кийим өндүрүү** |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Баткен облусу** | **1.** | **Баткен облусу** |
| 1. | Баткен району | 1. | Кадамжай району |
| 2. | Кадамжайрайону | 2. | Лейлек району |
| 3. | Лейлек району | **2.** | **Жалал-Абад облусу** |
| **2.** | **Жалал-Абад облусу** | 3. | Аксы району |
| 4. | Аксы району | 4. | Ала-Бука району |
| 5. | Ала-Бука району | 5. | Чаткал району |
| 6. | Базар-Коргон району | 6. | Тогуз-Торорайону |
| 7. | Чаткал району | 7. | Токтогул району |
| 8. | Ноокен району | **3.** | **Ош облусу** |
| 9. | Сузак району | 8. | Алай району |
| 10. | Тогуз-Торо району | 9. | Чоң-Алай району |
| 11. | Токтогул району | 10. | Кара-Кулжа району |
| **3.** | **Ош облусу** | 11 | Кара-Суурайону |
| 12. | Алай району | | |
| 13. | Араван району | | |
| 14. | Чоң-Алай району | | |
| 15. | Кара-Кулжа району | | |
| 16. | Кара-Суу району | | |
| 17. | Ноокат району | | |
| 18. | Өзгөн району | | |

*Булагы: автор тарабынан түзүлдү*

өндүрүштүн баштапкы жылдык көлөмү 2,1 миллион погондук метрди түзгөн, 1996-жылы 14,56 миллион сомдук продукция өндүрүлгөн. Ишкананын токулбаган кездемелердин толук ассортиментин: неткол, таары полотносу, ватин, декоративдик, эмеректердин, портьер ж.б. полотнолордун түрлөрүн чыгарууга потенциалы бар.




2.4-сүрөт. 2011-2020-жылдарга "МАТА" ААКнын продукция өндүрүү динамикасы, сызыктуу м2 ["МАТА" ААК изилдөө процессинде алынган маалыматтар]

*Булагы: автор тарабынан түзүлдү*

Азыркы мезгилде өндүрүлгөн продукция – кездеме эмес материал (неткол) Беларусия менен РФынын линолеум жана текстолит чыгаруучу заводдоруна даяр продукт түрүндө жеткирилген.

2.4-сүрөттөн көрүнүп тургандай, "МАТА" ААКсынын учурдагы абалы туруктуу төмөндөө динамикасы менен мүнөздөлөт, негизинен сырттан алынып келинген чийки заттарды колдонуу менен кайра иштетүү продукцияларын өндүрөт жана кызматтарын көрсөтөт. Фабрикада 19 адам иштейт, анын ичинен инженер-техникалык кызматкерлер - 3, калган 16 адам өндүрүштө иштейт, орточо айлык эмгек акысы 6000-7000 сомду түзөт, ишкана өндүргөн коммерциялык продукциясын экспорттобойт, баасы төмөн. 2020-жылы ишкана 6224,2 миң сомдук продукция саткан, 3468,5 миң сом суммасындагы,б.а. 103168,0 $м^2$ продукция өлкөнүн ири ишканалары болгон "Кумтөр Голд Компани" ЖАК, "Майлуу-Суу ЛЗ" ЖЧКсы, "Интергласс" ЖЧКсы ж.б. ишканаларга келишимдин негизинде сатылган, алар анын туруктуу керектөөчүлөрү болуп саналат.

“МАТА” ААК, “Бозумчак Голд Компани” АЧК (Жалал-Абад облусу), “Кашкар-Коттон Текстиль” пахта тазалоочу заводу жана“Ак-Текс” ЖЧК (Ош облусу) жүргүзүлгөн изилдөөлөр бирдей көйгөйлөрдү көрсөттү: өнүгүү стратегиясынын, маркетингдик изилдөөлөрдүн жоктугу жана инвестициялык жагымдуулуктун төмөндүгү, экономикалык ишмердүүлүктүн киреше жана чыгаша маселелеринде ачык-айкындуулуктун жоктугу, министрлик жана мамлекет тарабынан жетиштүү көңүл бурулбагандыгы.

Изилдөөнүн жүрүшүндө “МАТА” ААКсына продукциянын ассортиментине техникалык продукцияны: суу өткөрбөөчү (гидроизоляция), композициялык (курулуш үчүн), медициналык текстиль, косметикалык багыттагы материалдар ж.б.у.с. продукцияларды чыгаруу сунушталды.

Ошондой эле иште ЖӨЖ экспорттук-импорттук абалына өзгөчө көңүл бурулду. 2006–2020-жж. импорттун көлөмү 0,8 пунктка төмөндөгөн. Экспортту алып карасак, абал салыштырмалуу жакшыраак, 2020-ж. анын көлөмүнүн 14,3% туруктуу жогорулоосу байкалды. Негизги керектөөчүлөр болуп РФ жана Казакстан республикасы саналат, алардын үлүшүнө Кыргызстандын даяр текстиль буюмдарынын экспорттук жеткирүүлөрүнүн 95% чейин туура келет.

Маалыматтарды пайдаланып жуптук регрессия ыкмасы менен экспорттун импорттон көз карандылыгын аныктайбыз жана ***y*** (экспорттун) ***x*** (импорттон) жуптук (кош) регрессиясынын сызыктуу теңдемесин түзүп алабыз:

$$y = a + b \cdot x + \varepsilon , \qquad (1)$$

биздин учурда, $\varepsilon$ - катачылыкты, калдыкты билдирет.

(1) теңдеме эң кичине квадраттар ыкмасынын (ЭККЫ) негизинде табылган кийинки системанын чыгарылышы болуп саналат. Төмөнкү теңдемелер (1) системасынын чечимин $a$, $b$ коэффициенттеринин жардамында эң кичине квадраттар ыкмасы менен аныктайбыз:

$$\begin{cases} a + b \cdot \overline{x} = \overline{y}; \\ a \cdot \overline{x} + b \cdot \overline{x^2} = \overline{x \cdot y}, \end{cases} \qquad (2)$$

мындан,


$$\bar{x} = \frac{1}{n} \cdot \sum_{i=1}^{n} x_i ; \bar{y} = \frac{1}{n} \cdot \sum_{i=1}^{n} y_i ; \overline{x \cdot y} = \frac{1}{n} \cdot \sum_{i=1}^{n} x_i \cdot y_i ; \overline{x^2} = \frac{1}{n} \cdot \sum_{i=1}^{n} x_i^2 . \quad (3)$$

сызыктуу регрессиясында, төмөнкү формула менен сызыктуу жуптук корреляция коэффициенти аныкталды:

$$r_{xy} = \frac{\overline{x \cdot y} - \bar{x} \cdot \bar{y}}{\sigma_x \cdot \sigma_y},$$

мындан, $\sigma_x = \sqrt{\overline{x^2} - (\bar{x})^2}, \sigma_y = \sqrt{\overline{y^2} - (\bar{y})^2}, \overline{y^2} = \frac{1}{n} \sum_{i=1}^{n} y_i^2 .$

Натыйжада, импорт менен экспорттун байланышы 0,925, б.а. 92,5% түздү. Бул абдан тыгыз сызыктуу көз карандылыкты билдирет, ал 2.5 - сүрөттө чагылдырылды.




2.5-сүрөт. КР ЖӨЖ продукциясынын экспорту менен импортунун ортосундагы сызыктуу көз карандылыкты аныктоо


*Булагы: автор тарабынан эсептелди жана түзүлдү*

Демек, жогорудагы эсептөөлөрдүн негизинде ЖӨЖ экспорттолгон продукциясы ички керектөөлөрдү эске албастан негизинен тышкы керектөөчүлөргө багытталгандыгын, жана дал ушул керектөөлөр тыштан алып келинген импорттук продукция менен толтурула тургандыгын, бажы жана салык саясатынын жетишсиз көзөмөлүнүн негизинде легалдуу продукция катарында эсептелинбей жаткандыгы көрсөтүлдү.

Экспортко багытталган жана импорттун ордун алмаштыруучу продукцияны өнүктүрүү жана эсебин алуу үчүн региондордо ЖӨЖнын чарба субъектилеринин ишмердүүлүгүн легалдаштыруу маселелерин мамлекеттик жөнгө салуу зарылчылыгы бар деп эсептейбиз.

**Үчүнчү “Кыргызстандын жеңил өнөр жайын инновациялык өнүктүрүүнүн рыноктук механизмдери жана мамлекеттик колдоо көрсөтүү чаралары”** деп аталган бапта стратегиялык өнүгүү модели катары инновациялык экономиканы курууга багыт алуу, жеңил өнөр жай продукциясынын ата мекендик жана дүйнөлүк рыноктордогу атаандаштык жөндөмдүүлүгүн туруктуу өнүктүрүү, керектөөчүлөрдүн муктаждыктарын жакшыраак канааттандыруу максатында рынокко инновациялык товарларды өндүрүп сунуш кылуу мүмкүнчүлүктөрү каралды.

Атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн фактордук шарттарынын айрым элементтери республиканын аймактарында текстиль жана тигүү өнөр жайын кластерлештирүүгө реалдуу мүмкүнчүлүк берет. Эң негизгиси, өлкөдө арзан жумушчу күчү жана жаратылыш ресурстары, ошондой эле пахта буласын өстүрүү үчүн ыңгайлуу климат бар.




3.1-сүрөт. Аймактык жеңил өнөр жай кластерин калыптандыруу модели

*Булагы: автор тарабынан түзүлдү*

3.1-сүрөттө атайын иштелип чыккан моделдин негизинде региондордун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен текстиль-тигүү өнөр жай кластери чагылдырылды.

Тармактын ишканаларында квалификациялуу жумушчулардын, илимий жана илимий-техникалык кадрлардын жетишсиздиги, илимий-изилдөө

институттарынын илимдин жана техниканын заманбап жетишкендиктерине аз көңүл бурушу аймактагы өнөр-жай саясатын кайра карап чыгууну талап кылат.

## ТЫЯНАКТАР:

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй илимий-теориялык жана практикалык тыянактар чыгарылды:

1. Аймактарда ЖӨЖ өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык аспектилери такталды. Анын өсүшү, негизинен импорттон көз каранды болгон ички керектөөчүнү эмес, тышкы керектөөчүлөрдү канааттандырууга багытталган ЖӨЖ тармактарынын жанданышы байкалат. Ата мекендик ЖӨЖнын бир кылка эмес өнүгүүсү белгиленет, бирок бул өнүгүү оң динамикага ээ.

2. Изилдөөнүн жүрүшүндө КРынын аймактарында ЖӨЖ өнүгүүсүндөгү негизги көйгөйлөр тармактык бизнестин олуттуу үлүшүнүн көмүскөдө болушунун негизги себептеринен байкалат: салыктык төлөмдөр жана СФ чегерүүлөр; мамлекеттик органдарга ишенимдин жоктугу, ашыкча текшерүүлөр; кадрлардын жетишсиздиги; жергиликтүү чийки заттын чет өлкөлөргө салыштырмалуу "арзан баада" экспорттолушунун жогорку деңгээли, бул ошол эле чийки заттын жана даяр продукциянын "кымбат баа менен" салыштырмалуу чоң өлчөмдө импорттун ордун алмаштыруусуна алып келет; жумушчулардын жумуш ордунан бошоп кетүү фактыларынын эсепке алынбагандыгы; эмгек кепилдиктерин камсыздоодо социалдык коргоонун деңгээлинин төмөндүгү.

3. Өлкөнүн экономикасын, анын ичинде КРнын ЖӨЖ башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында ретроспективдик талдоо ыкмасы менен ата мекендик жеңил өнөр жайынын өнүгүү баскычтары аныкталды.

4. Өзгөчө маани берүү керек болгон жеке ресурстарды, башкача айтканда: пахта, пилла, булгаары ж.б. өндүрүү жана сатуу, иштетүү жана кайра иштетүү боюнча өзгөчөлөнгөн технологияларды жандандыруу, өндүрүү жана рынок шарттарына ылайыкташтыруу үчүн пайдаланылбай жаткан потенциалы бар аймактар аныкталды.

5. ЖӨЖ инвестицияларды тартуунун негизги уюштуруу-экономикалык механизмдери аныкталды: инвестициялык менеджмент тутумунун калыптанышы; инвестициялык жагымдуулук менен насыя жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу; инвестициялык камсыздоонун заманбап механизмдерин натыйжалуу пайдалануу; өздүк инвестиция каражаттарын мобилизациялоо; ишканаларда тобокелчиликтерди башкаруу тутумун түзүү.

6. Диагностикалоо ыкмасынын негизинде КР жана түштүк аймагынын (ТА) облустарынын ЖӨЖ атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлине баа берилди, атаандаштык артыкчылыктары аныкталды, SWOT-анализ жасалды.

7. Талдоонун натыйжалары КР аймактарында, анын ичинде ТА ЖӨЖ тармактарынын кластерин түзүү анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле күчтүү жактарын жана мүмкүнчүлүктөрүн активдүү пайдалануу менен тармактык атаандаштыктын деңгээлин жогорулатууга, тармакты өнүктүрүүдө олуттуу ийгиликке жетүүгө мүмкүнчүлүк берээрин көрсөттү. Ошону менен бирге текстиль жана булгаары-бут кийим өндүрүшүнүн, тигүү секторунун, жүндөн токулган кол өнөрчүлүктүн, кездемелерди жана токулбаган материалдарды өндүрүүнүн жана башкалардын мурунку калыбына келтирүүгө реалдуу чийки зат

жана материалдык мүмкүнчүлүктөр аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө түздөн-түз чагылдырылат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Кыргыз Республикасынын улуттук экономикасын өнүктүрүүнүн индустриялык-агрардык моделинин параметрлерин иштеп чыгууда жеңил өнөр жайынын тармактык эффекттерин өнүктүрүүгө потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү бар конкреттүү аймактарды, тактап айтканда КР түштүк регионунун областтары боюнча тармактык жана аймактык кластерлерди калыптандыруу жана өнүктүрүү сунушталды.

2. ЖӨЖ көйгөйлөрүн изилдөөнүн натыйжасында тармакты өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары жана ички жана тышкы рыноктордо туруктуу позицияларга ээ болуусу үчүн ар тараптуу колдоо механизмдерин иштелип чыгуу зарылдыгы негизделди.

3. Пайдаланылбай жаткан өнүгүү потенциалы бар шаарларды, аймактарды өнүктүрүү максатында пахта, булгаары, була ж.б. өндүрүү жана сатуу жагына басым жасоо сунушталды.

4. ЖӨЖнын динамикалык өнүгүүсүн аныктаган жалпы экономикалык шарттардын катарында, укуктук-ченемдик документтерди иштеп чыгуу, инвестицияларды стимулдаштыруу, импортту кыскартуу жана экспортту жогорулатуу зарылдыгы белгиленди.

5. ЖӨЖ ишканаларынын экономикалык өсүүсүндө өндүрүштүн атаандаштык жарамдуулугун жогорулашын камсыз кылуу үчүн: аларды реконструкциялоо, техникалык кайра жаңылоо, технологиялык процесстерди жайылтуу, жаңы технологияларды жаратуу жана пайдалануу, тармакты кадрдык камсыздоо көйгөйүндө жалпы мамлекеттик саясатты жайылтуу керек.

6. Аймактардагы жеңил өнөр жайын өнүктүрүүгө сунуш кылынган уюштуруу-экономикалык механизмдер ЖӨЖ тармагында натыйжалуу инвестициялык климатка артыкчылык берүү саясатын ишке ашырууну камсыз кылууга тийиш, бул авторго аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди, ошондой эле инвестицияларды тартуунун мамлекеттик стратегиясын калыптандырууга багытталды.

7. КРнын ЖӨЖ аймактык кластерин түзүүнүн модели, бардык секторлордогу ишканалардын сунуштарынан куралды. Мында көп сандаган ишканалардын болушу эске алынат; өндүрүш үчүн ресурстардын жеткиликтүү болүшү; келишим баанын болушу ж.б. ЖӨЖ ишканаларын легалдаштыруу боюнча улуттук экономиканын бир катар чектеш тармактарында өндүрүш көлөмүнүн өсүшүнө, алардын ишмердүүлүгүн кеңейтүүнү камсыз кылууга, калктын иш менен камсыз болуу деңгээлин жана көптөгөн үй-бүлөлөрдүн кирешелерин жогорулатууга, бардык деңгээлдердеги бюджеттердин киреше бөлүгүн толуктоого мүмкүнчүлүк берет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫККА ЧЫККАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:


1. **Райимбердиева, Ж.К.** Ош облусунда иштетүү өнөр жайынын учурдагы абалы [Текст] / Ж.К. Райимбердиева // Вестник ОшГУ. - 2017. – №1. – 152-155-бб.

2. **Райимбердиева, Ж.К.** Перспективы развития текстильной и швейной промышленности в Кыргызской Республике в рамках ЕАЭС [Текст] / Ж.К.

Раймбердиева, С.Т. Умаров // Перспективы развития текстильной и швейной промышленности в Кыргызской Республике в рамках ЕАЭС // Фундаментальные и прикладные исследования: от теории к практике: материалы международной научно-практической конференции приуроченной ко дню Российской науки 10.02.2017. – Воронеж, 2017. - С. 178-181; NovaInfo. Ru – Т. 3, № 62. - С. 243-247.

3. **Райимбердиева, Ж.К**. Райимбердиева Ж.К. Өлкөнүн өнөр-жай саясаты экономиканы өнүктүрүүнүн өбөлгөсү катары [Текст] / Ж.К. Райимбердиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2017. - №12. – 46-49-бб.

4. **Райимбердиева, Ж.К**. Легкая промышленность Кыргызстана: реалии, проблемы и факторы развития [Текст] / Ж.К. Райимбердиева // Актуальные вопросы современной экономики. – 2018. - №9. – С. 268-274.

5. **Райимбердиева, Ж.К.** Тенденции развития промышленности Кыргызской Республики и основные направления промышленной политики [Текст] / Ж.К. Райимбердиева, П.К. Алишева // Экономика и предпринимательство. - 2018. - №11. – С. 367-370

**6. Райимбердиева, Ж.К.** Кыргызстандын өнөр-жайынын өнүгүү тенденциялары жана факторлору [Текст] / Ж.К. Райимбердиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2018. - №6. – 77-81-бб.

7. **Райимбердиева, Ж.К.** Взаимосвязь поведения и потребностей трудоспособного населения в системе экономики удовольствия [Текст] / Ч.Р.Кулуева, Ж.К. Райимбердиева // Springer Nature Switzerland AG. – 2019. - E.G.Popkova and B.S. Sergi (Eds.): ISC 2019, LNNS 129. - P. 932–942. https://doi.org/10.1007/978-3-030-47945-9_100/

8. **Райимбердиева, Ж.К**. Өнөр жай Кыргызстандын экономикасын туруктуу өнүктүрүүнүн базасы катары [Текст] / Ж.К. Райимбердиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2019. - №9. – 47-50-бб.

9. **Райимбердиева, Ж.К.** Кыргыз Республикасынын өнөр-жайынын учурдагы абалы жана өнүктүрүү жолдору [Текст] / Ж.К. Райимбердиева, Б. Абдибалиева // ОшМУ жарчысы. Атайын чыгарылыш / Студент жана илимий-техникалык прогресс: V аймактык студенттик илимий конференциянын материалдары, 29.11.2019. – Ош, 2019. - 162-165-бб.

10. **Райимбердиева, Ж.К.** Современное состояние и перспективы развития легкой промышленности Кыргызской Республики [Текст] / Ж.К. Райимбердиева // Территория науки. – 2019. - №1. – С. 58-63.

11. **Райимбердиева, Ж.К.** Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын инновациялык өнүгүүсү [Текст] Ж.К. Райимбердиева // ОшМУ жарчысы. Атайын чыгарылыш / Борбордук Азиядагы эл аралык мамилелердин, гуманитардык жана табигый илимдердин актуалдуу проблемалары: учурдагы абалы жана келечектери: ОшМУнун 80-жылдыгына жана профессор К.Х. Нурдинованын 70-ж. арналган эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Ош, 2019. - 264-270-бб.

12. **Райимбердиева, Ж.К.** Женил өнөр-жай кластерлерин түзүү тармакты өнүктүрүүнүн негизи катары [Текст] / Ч.Р. Кулуева, Ж.К. Райимбердиева // Вестник ОшГУ. - 2020. – №1-1. – 242-250-бб.

13. **Райимбердиева, Ж.К.** Жеңил өнөр жайын өнүктүрүүдө аймактык жана тармактар аралык кластерлердин ролу жана мааниси [Текст] / Ч.Р. Кулуева, Ж.К. Райимбердиева // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. - 2020. - №3(30). - 82-90-бб.

14. **Райимбердиева, Ж.К.** Этапы становления и развития легкой промышленности в регионах Кыргызстана [Текст] / Ч.Р. Кулуева, Ж.К. Райимбердиева // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. X Исраиловские чтения. - 2021. - №2 (33). - С. 275-282.

**Райимбердиева Жаннат Курманбековнанын 08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Кыргызстандын жеңил өнөр жайынын өнүгүүсүндөгү рыноктук механизмдердин өркүндөтүлүшү (түштүк аймагынын материалында)" деген темадагы диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр**: өнөр жай, жеңил өнөр жайы, өндүрүш, кластердик механизм, рынок механизми, өнөр жайдын калыптануу этаптары, региондун өнүгүүсү, чийки зат, инновациялар, инвестициялык климат, атаандаштык**.**

**Изилдөөнүн обьектиси:** Кыргыз Республикасынын жеңил өнөр жай тармагы, бул тармакта иш жүргүзгөн ишканалар, жеңил өнөр жайынын өнүгүүсү жана анын өлкөнүн инновациялык экономикасын калыптандыруудагы мааниси.

**Изилдөөнүн предмети:** болуп Кыргызстандын жеңил өнөр жай ишканаларынын инновациялык өнүгүүсүнө шарт түзгөн рыноктук механизмдер эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүдөгү жеңил өнөр жайынын ордун аныктоо жана азыркы экономикага интеграцияланган түзүмдөрдү өнүктүрүү жана иштетүү, алардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу механизмдери боюнча теориялык, усулдук жана практикалык сунуштардын комплексин иштеп чыгуу болуп саналат.

**Изилдөөнүн усулдары:** анализдөөнүн жалпы илимий ыкмалары, салыштыруу ыкмасы, системалык, статистикалык жана экономикалык-математикалык, эсептик-аналитикалык, чиймеде чагылдыруу, схема түрүндө чагылдыруу методдору колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** региондордо жеңил өнөр жайын өнүктүрүү көйгөйлөрүнүн маңызынын жана мазмунунун теориялык-методологиялык аспектилери такталды, автордук иликтөөлөрдү жүргүзүү жолу менен Кыргыз Республикасынын региондорунда жеңил өнөр жайын өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрү аныкталды, КРнын ата мекендик жеңил өнөр жайынын калыптануу этаптары, өзгөчөлүктөрү жана өнүгүү тиби аныкталды, жеңил өнөр жайынын региондук өнүгүүсүнүн абалына баа берилди, уюштуруу-экономикалык механизмди ишке ашыруунун негизинде жеңил өнөр жай ишканаларынын инновациялык-инвестициялык ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруунун модели сунуш кылынды, жеңил өнөр жайында региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аймактык инновациялык өнөр жай кластерлерин калыптандыруунун теориялык жоболору иштелип чыкты.

**Колдонуу даражасы:** изилдөөнүн жыйынтыктарын илимий иштелмелерде, жеңил өнөр жай продукцияларын иштеп чыгууда жана сатууда, ишканаларда орто мөөнөттүк божомолдоо үчүн зарыл болгон ченемдик документтерди иштеп чыгууда жана билим берүү тармагында колдонулууга болот.

**Колдонуу тармагы:** алынган жыйынтыктар жана сунуштар, ишканалардын инновациялык жана инвестициялык ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруунун модели мамлекеттик органдар тарабынан стратегиялык программаларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Райимбердиевой Жаннат Курманбековны на тему: «Совершенствование рыночных механизмов в развитии легкой промышленности Кыргызстана (на материалах южного региона) представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 - экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** промышленность, легкая промышленность, производство, кластерный механизм, рыночный механизм, этапы становления отрасли, региональное развитие, сырье, инновации, инвестиционный климат, конкуренция.

**Объектисследования:** легкая промышленность Кыргызской Республики, предприятия, работающие в этой сфере, развитие легкой промышленности и ее роль в формировании инновационной экономики страны.

**Предмет исследования:** рыночные механизмы, которые способствуют инновационному развитию предприятий легкой промышленности Кыргызстана.

**Цель исследования:** определение роли легкой промышленности в развитии экономики Кыргызской Республики и разработка комплекса теоретических, методических и практических рекомендаций по развитию и функционированию структур, интегрированных в текущую экономику и механизмов повышения их конкурентоспособности.

**Методы исследования:** использовались общенаучные методы анализа, метод сравнения, систематический, статистический и экономико-математический, расчетно-аналитический, графическое представление, методы схематического представления.

**Научная новизна диссертационного исследования:** уточнены теоретико-методологические аспекты сущности и содержания проблем развития легкой промышленности в регионах, выявлены основные проблемы развития легкой промышленности в регионах Кыргызской Республики посредством авторского исследования, определены этапы становления развитий отечественной легкой промышленности Кыргызской Республики, дана оценка состояния регионального развития легкой промышленности, построена модель эффективного управления инновационной и инвестиционной деятельности предприятий легкой промышленности и на основе предложена реализация организационно-экономических механизмов, разработаны теоретические положения по формированию региональных инновационных промышленных кластеров в легкой промышленности с учетом специфики региона.

**Уровень применения:** результаты исследования будут использованы в научных разработках, при разработке и продаже продукции легкой промышленности, при разработке нормативных актов, необходимых для среднесрочного прогнозирования предприятий и в сфере образования.

**Область применения:** полученные результаты и рекомендации, модель эффективного управления инновационной и инвестиционной деятельностью предприятий могут быть использованы государственными органами при разработке стратегических программ.

**Kurmanbekovna Zhannat Rayimberdieva's dissertation on the topic: "Improving market mechanisms in the development of light industry in Kyrgyzstan" (based on materials from the southern region) submitted for the degree of candidate of economic sciences in specialty 08.00.05 Economics and management of the national economy**


## Summary

**Key words:** industry, light industry, manufacturing, cluster mechanism, market mechanism, stages of industry formation, organizational and administrative model, regional development, raw materials, innovation, investment climate.

**The object of the study:** light industry of the Kyrgyz Republic, enterprises working in this area, the development of light industry and its role in the formation of the country's innovative economy.

**The subject of the research:** market mechanisms that contribute to the innovative development of light industry enterprises in Kyrgyzstan.

**Purpose of the study:** determination of the role of light industry in the development of the economy of the Kyrgyz Republic and the development of a set of theoretical, methodological and practical recommendations for the development and functioning of structures integrated into the current economy and mechanisms for increasing their competitiveness.

**Research methods:** general scientific methods of analysis, comparison method, systematic, statistical and economic-mathematical, calculation-analytical, graphical presentation, methods of schematic presentation were used.

**The scientific novelty of the dissertation research:**clarified the theoretical and methodological aspects of the essence and content of the problems of the development of light industry in the regions, identified the main problems of the development of light industry in the regions of the Kyrgyz Republic through the author's research,the stages of the development of the domestic light industry of the Kyrgyz Republic are determined, the state of regional development of the light industry is assessed, a model of effective management of innovative and investment activities of light industry enterprises is built, and on the basis of the proposed implementation of organizational and economic mechanisms,theoretical provisions on the formation of regional innovative industrial clusters in light industry have been developed, taking into account the specifics of the region.

**Application of level:** the results of the research will be used in scientific research, in the development and sale of light industry products, in the development of regulations necessary for medium-term forecasting of enterprises and in the field of education.

**Application of research:** the results and recommendations obtained, the model of effective management of innovation and investment activities of enterprises can be used by government agencies in the development of strategic programs.

2021-ж. __ ______ басууга берилди
Форматы 60x84x1/16. Шарттуу б.т. 1,8.
Лазердик басма. Буйрутма № _. Нускасы 100.
ОшМУнун басмаканасы
Дареги: 723500, Кыргыз Республикасы,
Ош ш., Ленинкөч., 331, №134 каана